# Улуттук банктын ноталары

*(2013-жылдын ноябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Ноябрь айында Улуттук банктын ноталарынын төрт аукциону өткөрүлгөн, жалпысынан алганда, эмиссиянын жарыяланган көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу өзгөрүүсүз 4,4 млрд. сомду түзгөн.

Суроо-талаптын аукциондо[1] белгиленген орточо көлөмү 61,2 пайызга жогорулап, 1,5 млрд. сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, сатуулардын бардык көлөмү жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк ноталар менен берилген, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуулардын түзүмүндө жалпы үлүшү 78,2 пайыз менен үч коммерциялык банк тарабынан сатылып алынган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуулардын аукциондо белгиленген орточо көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 55,0 пайызга көбөйүү менен 989,1 млн. сомду түзгөн. Кароого алынган мезгил ичинде эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга сунуш суроо-талап көлөмүнөн арткан, бул Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык, аукцион ичинде айдын акырында 2,3 млрд. сомго чейин жогорулатылгандыгынан улам жүргөн.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү ноябрь айында өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,1 пайызга төмөндөө менен 4,1 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталар боюнча суроо-талаптын, сатуунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында, жүгүртүүдөгү ноталардын көлөмү 4,0 млрд. сом деңгээлинде түптөлүп, 36,7 пайызга жогорулаган. Резидент-юридикалык жактардын портфелинин салыштырма салмагынын бир эле учурда 57,5 пайыздан 45,6 пайызга чейин

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

төмөндөшүнүн алкагында,  Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналышкан коммерциялык банктардын үлүшү 54,4 пайызды түзгөн (+11,9 пайыздык пункт) (резидент – юридикалык жактардын үлүшү 1,4 пайызга чейин (-5,2 пайыздык пунктка), ал эми резидент – финансылык эмес юридикалык жактардын үлүшү 3,1 пайыздык пунктка, 56,2 пайызга көбөйгөн). Жеке адамдар, институционалдык инвесторлор жана резидент эмес – юридикалык жактар аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |
| 01.02.2013 | 3 379,5 | 3 316,9 | 98,1% | 40,6 | 1,2% | - | 0,0% | 22,0 | 0,7% |
| 01.03.2013 | 3 600,0 | 2 562,7 | 71,2% | 1 036,0 | 28,8% | 1,3 | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.04.2013 | 3 673,1 | 2 019,8 | 55,0% | 1 653,3 | 45,0% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.05.2013 | 3 143,0 | 2 140,5 | 68,1% | 1 002,5 | 31,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.06.2013 | 3 073,0 | 1 811,0 | 58,9% | 1 262,0 | 41,1% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.07.2013 | 3 105,5 | 1 836,0 | 59,1% | 1 269,5 | 40,9% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.08.2013 | 2 680,6 | 960,5 | 35,8% | 1 636,1 | 61,0% | - | 0,0% | 84,0 | 3,1% |
| 01.09.2013 | 2 400,0 | 370,5 | 15,4% | 2 029,5 | 84,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.10.2013 | 2 720,0 | 1 098,6 | 40,4% | 1 621,4 | 59,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.11.2013 | 2 895,4 | 1 229,5 | 42,5% | 1 665,9 | 57,5% | - | 0,0% | - | 0,0% |
| 01.12.2013 | 3 959,0 | 2 152,6 | 54,4% | 1 806,4 | 45,6% | - | 0,0% | - | 0,0% |